# О, жок!



Автор: Урфа Куррота Айни

Сүрөтчү: Ханни Джувиа

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# О, жок!

Автор: Урфа Куррота Айни
Сүрөтчү: Ханни Джувиа
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"О, жок!”(кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Oh, No!* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Urfa Kurrota Ayni жана сүрөтчүсү Khanni Yuvita. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0. лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://www.letsreadasia.org/book/oh-no?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Оо, жок!

Адаттагыдай эле, Бена кеч ойгонду. Бул абдан жаман. Бүгүн анын экзамени бар! Бена жуунушу да керек.

Анын сүлгүсү кайда калган?






Ал мына!

Чыйк... Чуйк!

Болду!

Ой! Бена чачканын мектептен кийин сөзсүз жыйнайт.

Адатта, Бена чачпайт, бирок бүгүн башка кеп – бүгүн ал абдан шашып жатат.

Уфф! Бул жакта узун кезек экен...

Баш калкалоочу жайда үч гана жуунуучу бөлмө бар. Кезек күтпөш үчүн, Бена эрте ойгонушу керек болчу.





– Бул жакта деги ким бар? Тиара эле болбосо экен!

Тиара дайыма көпкө жуунат.

Бена туура ойлоптур. Бул чын эле Тиара экен.

Акыры Тиара чыкканда, Арини ваннага кезексиз чуркап кирип кетти.

– Мен биринчи киришим керек! Ичим ооруп жатат! – деди Арини.

Бена тынчсыздана баштады. Ал кечигип жатат.





Жуунуп бүткөндөн кийин, кокусунан Бена жыгылып түштү.

ШАРАК!

Ой! Бена чачканын мектептен кийин жыйнап коёт.

Азыр ал эртең мененки тамагын ичүүсү керек.

Ал ашканага жеткен убакта, тамак калбай калган эле.

– Балким ашканада жумуртка калгандыр? – деп ойлоду Бена.





– Ой, а жумуртка кана? – деп ойлонду Бена, тегерек-четин карап.

Жумуртка мына!

Ал аны муздаткычтын үстүнөн кантип алат?





Мына, эми жетти!

Алгач Бена буттарын жууду.

Андан кийин – шарак!







Бена жумуртканы жакшы кууруйт. Эми ал көмөчтөгү жумуртканы оодарышы керек.

Упс! Бена чачканын мектептен кийин сөзсүз жыйнап коёт.

Азыр Бена сумкасын даярдашы керек. Ал эртең мененки тамагын ороп, чуркап жөнөдү.





– Менин пеналым кайда? Столдо жок. Балким керебеттин астында болуп жүрбөсүн! Жок! Шкафта дагы жок. Бена бүт жакты издеп, таба албай койду.

Упс!  Бена чачканын мектептен кийин сөзсүз тазалайт.

Эми Бена мектеп формасын кийиши керек. Анын калеми кайда? Бена аны класстагы досунан ала турам деп ойлоду.





Мына, даяр! Бена толугу менен кийинди.

Абайла! Бена мектепке чуркап жөнөдү. Эми кечигип калбашы керек.






Абайла! Алдыда чуңкур!

Бена чуңкурга түшүп калбай, аны айланып өттү, бирок көлчүктү басып алды.

Чөлп!

Алга! Чурка, чурка!

Албетте, Бена кечикпей, өз убагында жетип барат.





Мына, акыры Бена мектепке чуркап жетти.

Бена класска кирди.

– Коё турсаңар, бул менин досторум эмес да!





Эмне?

Бена анын классы түштөн кийин чогуларын эстеди.

Эми Бена үйгө кайтып барышы керек. Ал эртең менен чачып кеткендерин жыйнашы керек.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Урфа Куррота Айни
Сүрөтчү: Ханни Джувиа
Которгон: Айгуль Джунушалиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли